# Орду менен болбогон орунсуз иштер

**Кыргыз Республикасынын Финансылык полиция мамлекеттик кызматынын Нарын облусу боюнча башкармалыгы өз алдынча башкармалык болуп түзүлгөнүнө аз гана убакыт болду. Ага карабастан аталган башкармалыктын кызматкерлери облустагы финансы жаатында мыйзам бузууларды өз маалында аныктоо менен мамлекеттин казнасына түшпөй калган акча каражаттарынын эсебин таап, орунсуз иштерди ордуна коюп келишүүдө.**

Кыргыз Республикасынын Финансылык полиция кызматынын Нарын облусу боюнча башкармалыгынын тергөө бөлүмүнүн ага тергөөчүсү Нурлан Алиевдин билдирүүсү боюнча учурда аталган башкармалыктын тергөө бөлүмүнүн өндүрүшүнө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу салык кызматынын Ак-Талаа району боюнча башкармалыгынын кызматкерлерине карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш Жаза Кодексинин 304-статьясынын 2-бөлүмүндө, 316-статьясынын 1-бөлүмүндө көрсөтүлгөн кылмыш курамынын белгилери менен кылмыш иши алынган.Бул кылмыш иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу салык кызматынын Ак-Талаа району боюнча башкармалыгынын кызматкерлеринин кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып, Салык кодексинин 336-статьясынын 5-пунктун одоно бузган факты боюнча козголгон. Тактап айтканда, Ак-Талаа районунун Баетов айылынын аймагында жайгашкан жеке менчик ишканалар, жоопкерчилиги чектелген, акционердик коомдор айыл чарба багытындагы эмес жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыктарын мыйзам чегинде мамлекетке төлөбөй жеаз төлөп келишкен.Натыйжада 2009-жылдан 2010-жылдын 6 айында мамлекеттин казынасына 236миң 841 сом акча каражаты түшпөй калган.Ал эми салык кызматынын Ак-Талаа району боюнча башкармалыгынын кызматкерлери тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн жер салыгын мамлекеттин казынасына түшүрүү боюнча эч кандай чаралар көрүлгөн эмес.Учурда мамлекетке келтирилген зыянды так аныктоо максатында бул иштин үстүнөн соттук-экономикалык экспертиза дайындалган.

Кийинки кылмыш иши боюнча тергөө амалдары жүргүзүлүп, өндүрүштөн иши сотко ашырылган. Бул факты боюнча айта кетсек, Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн мурунку башчысы Ш.Ж.Искаков башкы эсепчиси Ч.Е.Исабекова аттуу айым менен жеке пайда табуу максатын көздөп, өздөрүнүн кызматтык абалынан пайдалануу менен мыйзамды бузуу жолуна түшүшкөн. Аты аталган адамдар Кочкор айылындагы И.Арабаев атындагы мектептеги эки токардык станокту тийиштүү түрдө Кочкор айыл Өкмөтүнүн балансына өткөрүп бербестен,иштебейт деген шылтоо менен жашырып алып калышып, Ш.Ж.Искаковдун станокту сатууга эч укугу жок болсо да сатууга буйрук чыгарып, аны аткаруу жагын ошол кездеги башкы эсепчиси Ч.Исабековага тапшырган.Ал эми эсепчи айым станоктун бат эле эсебин таап, ошол эле айылдын тургуну Т.аттуу мырзага 30 миң сомго соодалап, аны өз колу менен санап алып, бирок акча каражатын тийиштүү түрдө Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн атайын счетуна же болбосо кассасына кириштебестен, өзүнүн жеке кызыкчылыгына пайдаланып, коротуп салган. Натыйжада мамлекетке 30 миң сом материалдык зыян келтирилген.

Ушундай эле кылмыш иши Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамына ылайык тендер өткөрүүдөгү бир катар мыйзам бузуу фактысы боюнча Нарын облусундагы №3 ПЛУАД мекемесинин айрым кызматкерлеринин (жетекчиси К.Кадыркулов) үстүнөн козголгон.Бул иштеги айрым фактыларды келтирсек, аталган мекеменин бул ишке жоопту кызматкерлери жогоруда аталган мыйзамды одоно бузуу менен ар кайсы поставщиктерден бөлүп-бөлүп тетиктерди сатып алуу жолу менен мамлекетке 44170 сом зыян келтиришсе, ошол эле аталган мыйзамды бузуу менен тендер өткөрбөстөн «Исмаилова» (ЧП) мекемесинен 261 091 сомго, «Байнур ЛТД» ЖЧКнан 1 329 093 сомго күйүүчү-майлоочу майларды жана башка ар кайсы поставщиктерден жалпысынан алганда 856 100 сомго тетиктерди сатып алышкан.Мындан тышкары «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамын одоно бузуу менен аталган мекеме Кочкор-Арал-Төө-Ашуу автожолунун ремонт иштерин эч тендер өткөрбөстөн 1489 300 сомго жүргүзүшсө,жалпысынан тендер өткөрүлбөстөн 3 935 590 сомго товар алуу жана тейлөө жумуштарын өзү билемдик менен баалашкан.Айтор, тендердик документтер боюнча сатып алуунун баасы башка болсо, иш жүзүндө бул баа бир канчага кымбат көрсөтүлгөн. Бул иште мамлекетке келтирилген жалпы зыян 2 288 300 сомду түзгөн.Аталган мекеменин мамлекеттик сатып алуулар боюнча жоопту кызматкери жогорудагы келтирилген фактылар боюнча түшүнүк берүүдө бул мүчүлүштүктүн бардыгы каржылоонун өз убагында болбогондугунун натыйжасында болгондугун билдирген.

Н.Алиев баса белгилегендей, жогоруда сөз болгон иштер боюнча бүгүнкү күндө тергөө иштери жүргүзүлүүдө, ал эми бул иштер боюнча кайсы бир кызмат адамдарынын күнөөсү бар же жоктугунун акыркы чечимин сот гана аныктай алат.

Учурда финансы полициясы кызматынын облустук башкармалыгы тарабынан бюджетибизге терс таасирин тийгизип, мамлекеттин казынасына түшпөй калган каражаттарды кайта кайтаруу боюнча пландуу иштер жүргүзүлүп келүүдө.Бүгүнкү күндө башкармалык тарабынан мамлекеттин бюджетине казынанын территориалдык органдары аркылуу 3 млн 613 миң сом кайтарылган. Ал эми козголгон иштер боюнча кайтадан өндүрүлгөн акча каражаты 391 миң 306 сомду түзөт. Мунун ичинен токтотулган кылмыш иши боюнча өндүрүлгөн зыян 132 миң 436 сомду, анын ичинен каралганы 68 миң сомду түзөт.

Мындан сырткары аталган башкармалык тарабынан облустагы алкоголдук продукцияны өндүрүү, сатуудагы укук бузуулар боюнча да иш жүргүзүлүп келүүдө. Бул жаатта жыл башында түзүлгөн план боюнча текшерүүлөр жүргүзүлүп,аталган продукциянын сатылып жаткан точкаларынын мыйзамдуулугу, продукциянын лицензиясы, акциздик салыктардын төлөнүшү жана башка тийиштүү документтери каралууда.Ошондой эле башкармалык тарабынан автордук укукту бузуу боюнча кылмыш иштерине каршы да иштер жүргүзүлүп келет.Буга, көбүнэсе аудио, видео, компакт-дисктер жана башка облустун аймагында сатылып, өндүрүлүп жаткан продукциялар кирет.

Жалпысынан алганда Кыргыз Республикасынын Финансылык полиция кызматынын Нарын облустук башкармалыгынын кызматкерлери өздөрүнүн алдына коюлган милдеттерин так жана өз убагында аткарууга бардык аракеттерин жумшап келишүүдө.

**К.ЭСЕНАЛИЕВА.**